بسم الله الرّحمن الرّحيم

## Баш сөз:

Аллахка мактоолор болсун! Биз Аны даңазалайбыз, Андан жардам жана күнөөлөрүбүздү кечиришин сурайбыз. Биз нафсибиз менен амалдарыбыздын жамандыгынан коргоо тилеп Ага гана кайрылабыз. Аллах кимди туура жолго баштаса, аны эч ким адаштыра албайт. Ал эми, Аллах кимди адаштырса, аны эч ким туура жолго салалбайт! Мен жалгыз Аллахтан башка кудай жок жана Мухаммад анын кулу жана элчиси деп күбөлүк беремин.
Андан кийин:

Урматтуу окурман! Жүрөк толо сыймык, кубаныч жана бир аз кабатыр менен сиздердин назарыңыздарга сунуш кылынып жаткан бул китеп Кураан – Сүннөткө бекем таянуу менен жазылган араб тилиндеги булактардан тандалып алынып,кыргызчаланган.

Сыймыгыбыз кыргыз тилиндеги исламдык китептер Ислам Бешиги – Арабстан Жеринде биринчи ирет көп нускада басылып жатышы болсо, кабатырыбыз котормонун деңгээли кандай болуп калды экен, зирек окуучунун назик купулуна толоор бекен деген ой. Ошентип, бул эмгекте эгер пазилет-жетишкендик болсо – бул Аллахтан, ката - кемчилдиктер болсо – бул Шайтандан жана өз нафсибизден.

Биз Аллах Тааладан ушул жупуну эмгекти Мусулман Кыргыз Элге пайдалуу кылышын сурап калабыз.

**«Ассалам»** коомдук фондунун
негиздөөчүсү Шамсуддин Абдыкалык уулу

## Биринчи бөлүм

بسم الله الرّحمن الرّحيم

### 1. «Дүйнө кокустук себептүү жаралды» деген сөзгө жооп

Бул дүйнө өзүнөн-өзү, кокустан жаралды деген сөз чындыктан ат чабым алыс болуп гана калбастан, өз ээсин акылсыз жөө жомокчунун деңгээлине түшүрүп коң турган даражада примитивдүү. Мындай көз караштын ээлери эмнегедир кашкайган далилдерге каршы далил келтирүүнүн ордуна өтө өжөрлүк менен өз позицияларына тырмыша беришет. Маселен, («дүйнө өзүнөн-өзү, кокустан жаралды» дегендерге каршы) Вахийдуддин Хан америкалык аалым Кристи Морисондун төмөндөгүчө каяшасын

келтирет: «…Эгер сиз он даана теңге алып, алардын ар бирине бирден онго чейинки цифраларды тартиби менен жазгандан кийин аларды чөнтөгүңүзгө салып, аралаштырып койсоңуз жана алардын арасынан «1» цифрасы жазылганын алууга аракеттенсеңиз, андай мүмкүнчүлүк сизге ондон бир пайыз гана түзүлүшү мүмкүн. Ал эми, сиз чөнтөгүңүздөн «1», «2», «3», «4» төн баштап, «10» цифрасы жазылган теңгеге чейин тартиби менен чыгарууну кааласаңыз, мындай мүмкүнчүлүк сизге миллиондон бир гана (кокустан) жаралышы мүмкүн»

Ушуга салыштырмалуу эгер бул тартиптүү ааламдар өзүнөн-өзү, кокустук себептүү жаралган болсо, канча миллион жылда ушундай

тартип менен жаралып, калыптанганын элестетүү нар жакта турсун, бул гипотезанын анык жөө жомок экени маалым болот. Жаратылыштагы бардык нерселер (өзүнүн кооздугу жана тартиптүүлүгү менен) «мени илимдүү, даанышман Зат жаратты» деп турганын наадан инсан көрбөйбү?!

Аллах Таала айтты:

**«** *(Аллах Таала)* **аны бир тамчы нутфадан** *(арам суудан)* **жаратты жана аны** *(н тагдырын)* **белгилеп койду. Андан кийин ага** *(эненин курсагынан чыгуучу)* **«жолду» жеңил кылды.»** *(«Абаса» - 19,20)*

**Инсандын *(ушундай тартиптүү)* жаратылышын кокустукка жоюуу кантип мүмкүн болсун?!**

## 2. «Дүйнөнү табият жаратты» дегендерге жооп.

Көпчүлүк адамдар «бардык нерселерди табият жараткан» дешет. Биз аларга мындай суроо менен кайрылаар элек: «силер «табият» дегенде эмнени назарда тутуп жатасыңар? Ошол өзүңөр айткан бардык нерселердиби? Же болбосо жаратылыштын үстүнөн өкүм жүргүзгөн табигый мыйзам-эрежелердиби? Же болбосо, бул жаратылыштын арт жагында аны жараткан «табият» деген күч барбы?» Эгер алар: «табият – бул жаратылыштын өзү да» деп жооп берсе, бул «табиятты табият

жаратты» деген маанини билдирген абсурд болуп калат. Башкача айтканда, алардын логикасы боюнча, асманды асман, жерди жер, тоону тоо… ал эми, «табият» деп аталган ушул жана башка нерселер инсаниятты, айбанаттарды жана башка жан-жаныбарларды жараткан болуп чыгат. Бирок, инсандын таза акылы эч качан бардык нерселер өзүн-өзү жаратат деген сөзгө ишенбейт. Буга кошумча кылып биз айтабыз: эч кайсы нерсе өзүнөн абзел нерсени жарата албайт, акылсыз нерсе акылдууну жарата албайт. Мына бул жер, күн, ай, асман жана жылдыздардан турган керең табият акылсыз! Ал эч качан угуучу, көрүүчү жана акылдуу инсанды жарата алмак эмес!

**Курттар менен бактериялар дагы өзүнөн- өзү жаралбайт.**

Кээ бир кудайга ишенбеген биолог окумуштуулар «табияттын өзү жаратуучу» деген гипотезаларына адам менен айбандын акылет - заңынан пайда болгон курттарды жана бузулган эт, тамак-ашта жаралган бактерияларды мисалга тартып, далил катары көргөзүштү. Бирок, бул «далилди» атактуу француз окумуштуусу Луи Пастордун (1822-1895) биологиядагы жаңы илимий ачылышы жокко чыгарды. Пастордун аныктаганына караганда курттар менен бактериялар табигый түрдө өзүнөн-өзү жаралбай эле, абадагы көзгө көрүнбөгөн өтө майда жандыктардын белгилүү шартта чоңойгондогусу экен. Бул ачылышын

практика жүзүндө далилдеш үчүн Пастор бир порция тамак-ашты абасы сордурулган идиштин ичине койду жана ал идишти сууга салып кайнатуу менен бактерияларын өлтүрдү. Натыйжада ал тамак-ашта жаңы бактериялар пайда болбой, бузулбай турду. Пастордун ушул ачылышынан кийин тамак-ашты консервалап сактоо боюнча жаңы эпоха башталды.

## Табиятпы, Аллах Таалабы?

«Табият – бул чексиз кудурет. Ал ушул ааламды даанышмандык менен жаратты» дешет кээ бир кудайсыздар. Анан биз айтабыз: Бул ааламдардын даанышмандык менен жаратылганы жана жаратуучунун чексиз кудуретке ээ экени – туура. Бирок, силер ошол жаратуучу

кудурет – бул табият деген жерден адашууга кетип жатасыңар. Бул жаратуучу кудурет бизди Аллах таалага багытташ керек. Ал кудуреттин чыныгы Ээси – бул Аллах Таала! Аллах Таала бизге Өзүнүн сонун-кемчилдиксиз ысымдарын жана сыпаттарын үйрөткөн. Демек, биз Аллах Тааланы Өзү үйрөткөн ысым – сыпаттар менен таанышыбыз жана ал ысым-сыпаттарды атап жүрүшүбүз зарыл болот.

## 3. Дарвинизм теориясы

Дарвинизм теориясы боюнча бардык тирүү жан-жаныбарлар эң оболу өтө майда, бир клеткалуу деңиз жаныбарларынан (моллюскалардан) тараган. Алар деңизден сүйрөлүп чыккандан кийин, белгилүү, ылайык шарттарда жаңы

формадагы, курукта да, деңизде да жашай ала турган жаныбарларга айланган. Анан арадан миң, миллион жылдар өтүп, курукта жашаганга биро толо ыңгайлашып, табигый тандалуу процессинин натыйжасында өнүгүп, эволюциялык түрдө биринен бири жаралып олтуруп, акыркы өнүккөн формага ээ болушкан. Ал макулуктардын эң өнүккөн формадагысы – бул инсандар.

## Дарвинисттердин «далилдери»

Ушул теориянын автору, Британиялык Чарльз Роберт Дарвиндин (1817 –1896) заманындагы дарвинисттер археологиялык казуу иштеринде табылган жаныбарлардын скелеттерин текшерип, эң төмөнкү катмардан табылган айбан скелети үстүңкү катмардан табылган айбан скелетинин

анча өнүкпөгөн «ата-жотосу» экенин «далилдешкен». Бул боюнча Дарвиндин өзү: «бул (үстүңкү катмардан табылган) өнүккөн айбандар илгерки айбандардын өнүгүп-өсүүсүнүн натыйжасында эволюциялык жол менен жаралган» деген пикирин билдирген. Дарвинисттер бардык айбандардын эмбриондору өнүгүүнүн алгачкы этаптарында окшош болгонун көрүп, «демек, бардык жаныбарлардын асил-теги бир турбайбы» деген токтомго келишти. Демек – дешти алар – курсактагы эмбриондор кийинки өнүгүү этаптарында бири-биринен башкача болуп кеткендей эле, жер үстүндөгү айбандар дагы алгачкы жаралуу доорунда бир эле айбан болуп, андан кийин жашоо шарттарынын таасири астында ар түрлүү жаныбарларга айланып кетишкен.

Дарвинисттер айтышат: «инсандагы сокур ичеги чөп-чарды жана өсүмдүктөрдү аш кылганга жардам бермек. Бирок, инсан чөп жебегендиктен сокур ичегинин эми ага пайдасы жок. Бул ичеги инсандын мындан бир нече миң жылдар илгерки атасы болгон адамсымал маймылдарда өз вазыйпасын аткарган. Анан ал маймылдар адамга айланганда сокур ичегинин кереги жок болуп калды.

## Эволюциялык (өзүнөн- өзү өнүгүү) теориясына Дарвиндин түшүндүрмөсү.

Дарвин жердеги органик (тирүү) дүйнөнүн эволюциялык жаралуусу төмөндөгүчө болгон деп эсептейт.

**1. Табигый тандалуу.**

Мында ар бир доорлордогу тирүү организмдер арасынан табигаттын катаал шарттарына туруштук бере алган күчтүүлөрү гана жашап калган. Ошол айбанаттардын туруктуулук касиети өздөрүнөн таралган кийинки жатындаштарына генетикалык мурас болуп калган. Ошентип, замандар өтүшү менен жаныбарлардын сапаттуулары иргелип, жашап калган жана кийинки жаныбарлар ошолордон тараган.

**2. Жыныстык тандалуу.**

Мында – дейт Дарвин – эркек жана ургаачы айбанат түрлөрүнөн кайсы биринин жыныстык кошулууга умтулуусу күчтүү болгондору гана өздөрүнөн сапаттуу насил калтырып

жашап калышкан. Жыныстык кошулууда пассив болгон тирүү организмдер жоголуп кеткен.

**3. Өзгөрүп туруучулук.**

Жашап калган айбандарда жаңы сапаттар пайда болгону сайын ал сапаттар кийинки муундарга өтүп, эски сапаттар жоголуп (өзгөрүп, жаңырып) турган.

## Дарвинизм «негиздеринин» негизсиздиги

Археология илими эволюциялык өнүгүүнүн чындык экенине далил боло албайт. Анткени, ар бир замандын археологиялык жаңылыктары жана табылгаларына таянган ошол замандын илими мурунку археологиялык табылгаларга таянган мурунку заман илиминин

«чындыктарын» жокко чыгарат. Маселен, Дарвин заманындагы археология илими жер түбүнөн казып алынган сөөк-скелеттерди изилдеп, жер бетинде инсаниятттын жаралганына 600 миң жыл болгон деп бүтүм чыгарган эле. Ал эми, археология илиминин акыркы маалыматы боюнча жер бетинде инсанийат жашай баштаганына он миллион жыл болгон имиш. Балким эртеңки археология илими муну да жокко чыгарган «ачылыш» жасап жиберээр! Анда кимисине ишенебиз?

Дарвинисттердин пикиринде археологиялык табылга болгон неондерталь адамы маймылдан адамга айланган эң алгачкы жаныбар болуп саналат (демек, аны менен азыркы адамдын органдары окшош болушу

керек эле). Доктор Мустафа Шакир Салим ошол табылга жөнүндөгү изилдөөлөрүнүн натыйжасын төмөндөгүчө билдирген: «Анын мээси азыркы адамдын мээсинен чоңураак, баш сөөгү дагы чоң жана кененирээк…»

## Уланбаган «тогоолор»

Доктор Сорял«Дарвинизмдин барчаланышы» деген китебинде мындай деп жазат: «(Эволюциялык теориянын тарапкерлери бардык айбандар бири-биринен жаралган деген «илимий пикирди» ортого таштагандары менен, аныгында кайсы айбан кайсы айбандан тараганын, алардын араларындагы «тогоону» үзбөй айтып бере алышпайт. Ошондуктан алар адам менен маймылдын арасын улаган «тогоону»

(маймыл-адамды) да, эң алгачкы бир клеткалуу жаныбарлар менен көп клеткалуу жаныбарларды улаган «тогоону» да, жашоо катаалдыгына туруштук бере албай кырылып кеткен алсыз айбандар менен тукум улап кеткен күчтүү айбандардын арасындагы «тогоону» да, эң абалкы, жалаң суууда жашаган жаныбарлар менен суууда да, кургакта да жашай ала турган (амфибия) жаныбарларды улаган «тогоону» да, акыркы доордо пайда болгон жаныбарлар менен илгерки доордогу сүйрөлүп жүрүүчү жана учуучу динозаврлардын арасындагы «тогоону» да, ошондой эле башка жөрмөлөөчүлөр менен адам-айбандардын арасындагы «тогоону» да анык, илимий таризде көргөзүп бере алышпады»

## Чынында, эмбриондор окшош эмес экен

Эмбриондун жаралыш жана калыптаныш процессин даана көргөзүп бере турган акыркы үлгүдөгү микроскоптор дарвинисттердин «бардык айбанаттардын эмбриондору абалкы өнүгүү этабында окшош болот» деген «далилдерин» четке какты. Бирок, ошого чейин эле, бул «далилди» дүйнө илимине таңуулаган белгилүү немис биолог, дарвинист окумуштуусу Эрнест Геккельдин (1834-1919) бул «илимий ачылышын» дүйнөдөгү бир нече этибарлуу аалымдар сынга алышып, ал «ачылыштын» жасалмалуулугун айтып чыгышкан болчу. Мунун натыйжасында Геккельдин өзү дагы жаныбарлардын баштапкы этап эмриондорунун

окшоштугу жүздөн сегиз пайызды гана түзөөрүн моюнга алууга мажбур болгон.

## Сокур ичеги

## маймылдан мурас эмес

Адамдын сокур ичегиси дарвинисттер айткандай адамдын маймылдан тараганына далил боло албайт. Адамдагы азыр иштебей калган сокур ичеги ага маймылдан эмес, эң байыркы замандагы кадимкидей эле адам-ааталарынан мурас. Анткени, алардын негизги азыгы дээрлик өсүмдүктөр жана мөмөлөр болгон.

## Эмне үчүн адамзатта кызтекелик бар?

Илим күн өткөн сайын өнүгө берет. (Ал эми, жаныбарлар андай эмес. Алар

кандай жаратылган болсо, ошол бойдон калышат)

Дарвинисттер айбандардагы эки жыныстуулук (кызтекелик) өнүкпөгөндүктүн, төмөндүктүн жана табигый алсыздыктын белгиси, ал эми, толук кандуу эркектик же толук кандуу ургаачылык өнүккөндүктүн жана кубаттуулуктун белгиси деген «илимий ачылыш» жасашкан эле. Алардын бул теориясы боюнча кызтекелик белгиси бар жаныбарлар табигый тандалуу процесси учурунда жок болуп, кырылып кетүүгө тийиш болчу. Эми бүгүнкү реалдуулукту карайлы. Мына, пилдер: эркектеринде адамдын (аялдардын) эмчегиндей эмчектери бар. А, эмчек болсо аялдык белги! Ал гана эмес, туяктуу айбандардын эркектеринде да энелеринин эмчеги сыяктанган

кичинекей эмчектери бар экени белгилүү. Адамзаттагы кызтекелик алардан ашып түшөт. Анткени, адам затында эркектиктин да ургаачылыктын да жыныстык белгилери бар болгондору толтура. Башка жаныбарларда мындайлары дээрлик кездешпейт. Бул эмне дегендик? Бул фактынын алдында Дарвиндин «инсан эң өнүккөн жаныбар жана эволюциянын туу чокусу» деген сөзүнө кандай баа берүү мүмкүн?

## Реалдуулук дарвинизмге каршы

Эгер дарвинизм теориясы тура болгондо биз бүгүн көптөгөн адамдар менен айбанаттарды насил калтыруу жолу менен эмес, тетирисинче эволюциялык жол менен пайда болгонун көрөт элек. Бирок, нече кылымдардан бери эч ким маселен,

бир да маймылдын адамга айланганына күбө боло элек. Хамелеон сыяктуу түсүн өзгөртө ала турган жаныбарлардын касиети ошол макулук менен кошо туулган табигый касиет. Мындай жөндөм-кудурет кээ бир макулуктарда кйбүрөөк, башкаларында азыраак. Ошентип, аталган макулуктардын бул кудурет-жөндөмү дарвинисттер айткандай шарт-шарйыт жараткан эволюциялык сапат эмес, балким алардын ички, табигый жана генетикалык сапаты. Эгер эволюциялык сапат дей турган болсок, анда түс өзгөртүү касиети (айбанаттардан мурдараак жаралган) таш, топурак жана башка минералдарда көбүрөөк болушу керек эле. Ал эми бакалар кургакта да сууда да жашай ала турган жөндөмдүүлүгү

менен, ал эми куштар болсо, эч бир самолңтсуз, өздөрү уча алышы менен инсандардан айырмаланат. Ошондой эле, иттердин жыт сезүү касиети адамдыкынан жогору экени белгилүү. Кош? Мына ушул фактыга таянып биз иттер менен куштар инсандардан өнүккөн жаныбарлар деп айта алабызбы? Эгер биз эволюционерлердин логикасын ээрчисек, анда эмне, бакалар дагы адамдан өнүккөнүраак макулуктарбы? Аттар, төөлөр жана эшектер күндүзү кандай көрсө, түндөсү да андан кем эмес көрө алат. А, инсандар түндөсү көрө алышпайт. Ошондой эле, бүркүт, ителги, ылаачын сыяктуу куштар көрө алган алыс аралыктан инсандар көрө алышпайт. Анда ат, эшек, төө, бүркүт жана ителгилер инсанга караганда

өнүккөнүраак болуп калабы? Эгер өнүккөндүк тулку-бой менен ченелсе, анда пил сыяктуу гигант жаныбарлар инсандан өнүккөнүраак деп эсептелиши керек эле-го?!

## Биолог окумуштуулардын Дарвинизмге көз карашы

Чарльз Дарвин өзүнүн теориясына жыйырма жыл өмүрүн сарп кылганына карабай Европанын көптөгөн окумуштуулары анын теориясын кабылдабай, тетирисинче, катуу сындап чыгышты. Маселен, профессор Нищель менен профессор Даллас экөө мындай дешкен: «Табигый тандалуу жолу менен өнүгүү теориясын акыл-эси ордунда болгон эч бир адам тастыктабайт…» Профессор Фарго: «Реалдуулуктан бизге маалым: чынында, инсан менен маймылдын

арасында өтө чоң айырма бар. Биз эч качан «инсан – бул маймылдын урпагы» деп айтышыбыз мүмкүн эмес! Биз бул сөздү оозубузга да албашыбыз керек!» Доктор Мейфред тирүү организмдердин үстүндө алыс мөөнөттүү изилдөө иштерин алып баргандан кийин мындай жыйынтык чыгарган: «Дарвин теориясы колдоого алынууга арзыбайт. Ал жаш баланын пикирлерине окшойт…» Дарвинизм теориясын атайын жана ар тараптуу изилдеген Фон Бескон менен профессор Ферголордун пикиринде «бул эки жаныбар (инсан менен маймыл) бири-биринен түпкүлүгүнөн жана өтө терең айырмаланат…» Ошентип, дүйнөнүн көп окумуштуулары Дарвинизм теориясын чындыкка тап-такыр дал келбестигин малымдашкан.

## Анда эмне үчүн Дарвинизм дүйнөгө жайылып кетти?

Анткени, бул теориянын жаралуу мезгили бурмаланган христиан дининин акылга сыйбаган «аяттары» бир топ табият аалымдары тарабынан ашкереленип, ал эми, буга чыдай албаган Чиркөө инкивизициясы миңдеген аалымдарды куугунга алып, колго түшкөндөрүн тирүүоөй өрттөп.., кыскасы, илим менен христиан дининин ортосунда аңоосуз эрегиш жүрүп турган доорго туура келди. Ошол доордо эрегишкен эки тарап душманына каршыколуна илешкен курал – шылтоонун баарын колдонууга даяр турган. Ал эми, дарвинизм болсо, динден тажап, аны жек көрүп турган аалымдарга асмандан издегендери жерден табылгандай оңой-даяр курал

болуп кызмат кылышы мүмкүн эле. Аалымдар бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарышпады. Алар абалкы мезгилдерде дарвинизмди чиркөөгө жана чиркөө динине каршы пайдаланышкан болсо, кийинчерээк, атап айтканда, Европа мамлекеттери исламдык Чыгыш мамлекеттерин басып ала баштаганда, *(баскынчы саясатка кызмат кылган аалымдар. Ред.)* эми аны ислам динине каршы колдоно башташты. Ошондуктан исламдык Чыгышты басып алган колонизаторлор адамдарды динден чыгаруучу дарвинизм теориясына илимдин чапанын кийгизип, бала бакчадан университеттерге чейинки баскычтагы бардык окуу – тарбия очокторунда мажбур түрдө окутуп, элдерди жалпысынан каапырчылык

короосуна айдап кире баштады. Ошентип.., Америка мамлекети 1935 – жылда эле бул жалган теориянын мектептерде окутулуусуна тыюуу салганына карабай, Европа аалымдары дагы – коомчулук арасында илимдин позициясын бекемдеп алгандан кийин – дарвинизмди расмий түрдө жалган деп жарыялагандарына карабай, басып алынган исламдык Чыгыштын көптөгөн мамлекеттеринде бул теория азыркы күндөргө чейин окутулуп келүүдө.

## Кураан жана дарвинизм

Кураан – бул чексиз илимдүү жана Даанышман Аллах Тааланын сөзү. Аллахтын илими ааламдардагы бардык нерселерди өз ичине камтыйт. Ошондуктан Анын аяттарын угуш керек. Аллах Таала айтты:

**«Жана качан Кураан окулчу болсо, аны уккула жана унчукпай тургула»** *(А,раф – 204)*

Инсандын илим деңгээли кандай? Албетте Аллахтын илимине салыштырмалуу инсандын илими эч нерсеге арзыбайт. Аллах Таала айткан: **«Аллах билет, силер билбейсиңер»** *(Бакара – 216)*

Ооба. Инсандын ким жана кандай экенин анын өзүнө караганда Аллах жакшыраак билет. Анткени инсанды Анын Өзү жараткан да. Ошондуктан Улук Жаратуучу мындай деген:

**«Жараткан Зат Өзү жакшы билбейби?! Ал өтө назик** *(терең)* **Билүүчү,** *(бардык нерседен)* **Кабардар.»** *(Мүлк – 14)*

Инсан өзүнүн пайда болушу жөнүндө сүйлөөгө кантип батынды?! Же ал өзүнүн жаралышына өзү күбө болуп турду беле?! Аллах Таала айтты:

**«Мен аларды асмандарды жана жерди жаратууга да, алардын өздөрүн жаратууга да күбө кылган эмесмин»** *(Кахф – 51)*

Демек, бардык жиндер жана инсандар өздөрүнүн жаратылганына өздөрү күбө болушкан эмес. Бул маселеде инсаниятын билгенинен билбегени көп.

## Чындык – бул дарвинизмдин тескериси

Инсаният дарвинисттер айткандай башка жаныбардан эволюциялык жол менен жаралган эмес. Тескерисинче, өз

алдынча жана толук кандуу абалда топурактан жаратылган.

Аллах таала айтты:

**«Биз аны топурактан жараттык»** *(Хаж – 5)*

Абу Муса Ашөарий деген сахааба риваят кылган бир хадисте пайгамбарыбыз (ага Аллахтын саламы болсун) мындай деген:

***«Аллах*** *(Таала, инсанияттын атасы)* ***Адамды Жердин баарынан алган бир чеңгел топурактан жараткан. Натыйжада Адам урпактары Жер сыяктанып*** *(чыга)* ***келди. Алардын арасынан кызылы, агы, карасы жана ушунун аралыгындагылары жана куунактары, үрпөйгөндөрү,***

***ыпыластары жана таза-пакизалары бар»***

*(Ахмад, Тирмизи, Абу Дауд риваяты. «Мишкатул масаабих» 100-хадис.)*

Инсаниятнын жаралуусундагы дагы бир негизги элемент – бул суу. Аллах Таала айткан:

**«Аллах бардык кыбыраган жандыктысуудан жаратты»** *(Нур,45)*

Демек, инсан деле топурак менен суунун аралашмасынан (ылайдан) жаратылыптыр.

Аллах Таала айткан:

**«Ал силерди ылайдан жараткан Зат»** *(Ан.ам – 2)*

Мына ушул ылай (Аллах жан киргизе электе) заёгыраган чопо сыяктуу кургаган. Аллах Таала айтты: **«(Аллах) инсанды чопо сыяктуу кургак ылайдан жаратты»**

*(Ар-Рахман – 14)*

Курaанда дагы Аллах Таала инсанды Өзүнүн эки колу менен жаратканы айтылат.

Аллах Таала айтты:

**«***(Аллах)* **айтты: « Эй, Иблис! Мен Өзүмдүн эки колум менен жараткан нерсеге** *(Адамга урмат)* **сажда** *(сын)* **кылуудан сени эмне тосту?!»** *(Сад – 75)*

Аллах Таала инсанга жан киргизе элек абалкы учурда анын ичи көңдөй *(бош)* болчу. Анас *(Аллах андан ыразы болсун)* риваят кылган бир хадисте пайгамбарыбыз *(ага*

*Аллахтын саламы болсун)* мындай деген:

***«Аллах Бейиште Адамга сүрөт – шекил бергенден кийин аны Өзү каалаган убакытка чейин жөн койду. Иблис болсо, аны тиктеп, айланып жүрдү. Качан анын ичи көңдөй экенин көргөндө, толук жаралып бүтө электигин билди.»***

*(«Сахих Муслим»)*

Мына ушул ылай – сөлөкөткө Аллах таала Өзүнүн Рухунан үйлөдү эле, ага жан кирип, угуучу, көрүүчү, сүйлөөчү, акылдуу жана аң-сезимдүү болду. Андан кийин Аллах таала периштелерди Адамга сажда кылууга буюрду:

**«Качан мен аны тегиз – толук жаратып, анан анын ичине Өз**

**Рухумдан үйлөгөндө ага сажда кылып жыгылгыла»** *(Сад – 72)*

Ошентип, Аллах Таала Адамды жаратып, Бейиште жашатып койду:

**«Жана Биз айттык: «Эй, Адам! Сен аялың экөөң Бейиште жашай бергиле»** *(Бакара – 35)*

(Дарвинисттер айткандай, инсанияттын тили менен аң сезими жаралгандан бир нече миң жылдардан кийин калыптанган эмей эле, тетирисинче) Аллах Адамды жараткан замат эле дароо сүйлөп, пикир жүргүзө баштаган. Курaанда айтылат:

**«***(Аллах)* **Адамга бардык ысымдарды үйрөттү. Анан аларды периштелерге көргөзүп «булардын ысымдарын Мага айтып бергиле,**

**эгер чынчыл болсоңор» деди.** *(Периштелер)* **айтышты: «Биз Сени** *(ар кандай кемчи лдиктүү сыпаттардан)* **аруулайбыз! Биздин Өзүң үйрөткөндөн башка илимибиз жок! Сенин Өзүң Билүүчү, Даанышмансың!** *(Анда Аллах)* **айтты: Эй, Адам! Аларга нерселердин ысымдарын айтып бер.»** *(Бакара – 31, 33)*

Абу Хурайрадан (Аллах андан ыразы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам мындай деген:

***«Аллах Адамды жаратып анын ичине Өзүнүн Рухунан үйлөгөндөн кийин ал чүчкүрдү жана Аллахтын уруксаты менен «Аль хамду лиллах» деп Ага шүкүр келтирди. Раббиси болсо ага «Эй Адам, сага***

***Раббиң ырайым кылсын! Эми, тээтиги периштелерге – кээ бирлери отурган топко – баргын дагы «Ассаламу алайкум» дегин».*** *(Адам Ата аларга барып, Раббиси үйрөткөндөй салам берди эле)* ***алар: «Алайка-с-салааму ва рахмат-ул-Лохи ва барокатуху»*** *(Сага да Аллахтын саламы жана ырайымы болсун)* ***дешти.***

*(Термизи риваяты. «Мишкатул масаабих». 4662-хадис)*

Мына ушул Адам –Ата бардык инсанияттын атасы. (Ал жаралаар замат сүйлөй алган.) Кийин Аллах таала анын өз денесинен аялы Хаваа энени жараткан. Аллах Таала айтты:

**«Эй, инсандар! Силерди бир жан** *(Адам)* **дан жараткан жана ал**

**жандан анын жуп түгөйүнжараткан Раббиңерден корккула!»** *(Ниса –1)*

Дарвинисттер «инсаният оболу бардык жагынан кемчилдиктүү *(тилсиз, аң-сезимсиз)* болгон, Анан арадан миң-миң жылдар өтүп, табигый тандалуунун натыйжасында кемелдүү болуп, баралына жеткен» дешет. Жок! Тап-такыр андай эмес! Инсаният *(азыр эле эскерткенибиздей)* абалкы жаралышында эле толук кемелдүү жаратылган. Тетирисинче, инсанияттын кийинки муундары *(физиологиялык жагынан)* илгерки адамдарга караганда бир кыйла кемчилдиктүү болуп калган. Абу Хурайра *(Аллах андан ыразы болсун)* риваят кылган бир хадисте

пайгамбар саллаллоху алайхи ва саллам мындай деген:
**«Аллах Адамды жаратканда, анын** (боюнун) **узундугу жетимиш чыканак эле.»**
*(Бухари: 3226-хадис. Муслим: 2841-хадис)*
Дагы бир хадисинде пайгамбагырыбыз саллаллоху алайхи ва саллам:
***«Андан*** *(Адам-Атадан)* ***кийин калк азыркыга чейин кемчилдиктүү болуп эле келе жатат»*** *деген.*
Ошондуктан, Аллах Таала Кыяматта Өзүнүн Бейишине ылайык болгон момундарга дал Адам – Атанын өзүндөй кемел-келбет берип, андан кийин гана Бейишке киргизет экен. Бул кабарды бизге пайгамбарыбыз Мухаммад

саллаллоху алайхи ва саллам төмөндөгүчө билдирген:
***«Бейишке кире турган ар бир киши Адамдын сүрөт- шекилинде: боюнун узундугу жетимиш чыканак болот.»*** *(Бухари, Муслим)*
Аллах Таала бизге тарыхта өткөн кээ бир адашкан адамдарды маймылдарга, чочколорго айлантып койгону жөнүндө кабар берген. Демек, инсан бийик даражасынан төмөндөп, айбанга айланышы мүмкүн экен. Бирок, төмөн даражадагы айбандар эч качан жогорку даражалуу **инсан** болушу эч мүмкүн эмес. Ошондуктан инсаният маймылдан жаралган деген сөз – бул акылы кыска, адашкан адамдардын жалгандарынан башка нерсе эмес деп кесе айта алабыз.

## Экинчи бөлүм

### Аллах Тааланын бар экенине байыркы жана орто кылымдагы Европа аалымдарынын далилдери

Жаратуучунун бар экенине ишенүү инсанияттын кан-жанына сиңген табияты. Бул ишеним инсаният акыл-эсинин мөмөсү. Ар кандай бузук ишенимдер менен булганбаган табигый акыл-эс эгер аны өзүнүн табигый иштөөсүнө сырттан кийлигишүү болбосо сөзсүз түрдө бул жаратылыштын бир жаратуучусу бар экенин тастыктайт.

Инсаният өзүнүн узун тарыхында «Ааламды эч кандай кудай жараткан эмес» деген философторду да көп

көрдү. Бирок алардын пикири инсан табиятына дал келбегени себепүү калың масса тарабынан
кеңири кабыл алынбады. Ошентсе да Кудайга ишенген көп аалымдар кудайсыздарга каршы, жаратуучунун бар экенин далилдеген илимий эмгектерди жаратышты.

Маселен, байыркы грек философу Эпиктит: «Кудайга болгон ишеним адамдын дем алуусу сыяктуу токтоосуз болушу керек» - деген.

Дагы бир Француз ойчул – жазуучусу Чатейбренд (1768-1848) болсо «Кудайды тааныбай коюуга инсандан башка жандуу батына албайт» деп, бардык жаныбарлардын Аллахка тасбех айтуусун, бирок бир гана инсан (өзүнүн өжөр табияты жана шайтаны менен) кээ бир учурда

Улук Жаратуучуну таанымбай коюуусун айткан. Ал эми 1790-1869-жылдарда жашаган дагы бир Француз жазуучусу, романтизм аракетинин көрүнүктүү өкүлү Ламартин болсо кудайсыз жүрөктүн ыйык сезимдерден бош болушун айтып: «Аллахтан *(Аллахты эскерүүдөн. Котормочу*) бош болгон жүрөк судьясы жок мекемеге окшойт» деген.

Орто кылым жана жаңы тарыхта өткөн Европа динчил философторунан кээбиреөлөрүнүн пикирлери ушундай. Ал эми төмөндө антик доордогу Грек-Рим философторунун Кудай тааланын бар экенине келтирген далилдерине токтололу.

**Сократтын далилдери**

Сократ Ыйса пайгамбардан 400-жыл илгери (биздин эрага чейин 399-470) жашаган Грек философу. Афина шаарында туулган. Антик доордун атактуу жазуучусу жана тарыхчысы Ксенафон (б.э.ч.430-355) өзүнүн «Ксенафондун эскерүүлөрү» деген китебинде Сократтын Аристофан деген бир кудайсыз - атеист философ менен болгон илимий диалогун жазып калтырган. Төмөндө ошол диалогтон үзүндү келтиребиз:

**Сократ**: Айтчы мага, эй Аристофан, адамдардын арасында өзүнүн жаратман чыгармачылыгы менен атактуу болгондору барбы?

**Аристофан**: Ооба бул чындык.

**С**: Мага алардын ысымдарын айтчы.?

А: Ыр-поэма боюнча Гомерге эч ким жетпейт? трагедиялык драма чыгармачылыгында эң таланттуу жаратман – бул Софокл. Ал эми, айкелчилик искусствосунда Поликтин, сүрөтчүлүктө Зоксистер алдына адам салышпайт.

С: Сенин оюңда акылсыз, аракетсиз сүрөт, айкелдерди жараткан адам мактоого арзыйбы же болбосо акылдуу, тирүү жаратылыштын (адамдардын) жаратуучусубу?

А: Касам ичип айтамын, эгер бул жаратылыш өзүнөн
өзү жаралбаган болсо, анда албетте, ааламдардын акылдуу жана тирүү жаратуучусу көбүрөөк мактоого татыктуу!

С: Нерселер өзүнөн – өзү (жаратуучусу жок) жаралбайт. Бирок,

болуптур сен ойлогондой болгон дейли, айтчы мага: маани-максатсыз, өзүнөн-өзү жаралып калган нерсе жакшы болоор беле же белгилүү бир максат менен жана акыл калчап жаратылган нерсе жакшыбы?

А: Албетте,акыл-эс менен жаратылган нерселер жакшы жана пайдалуу болмок.

С: Бали, Аристофан! Эми муну карабайсыңбы, адамдарды жараткан Кудай аларга белгилүү бир максат менен ар кыл дене мүчөлөрүн берип коюптур: көздөрдү көрүү үчүн, кулактарды угуу үчүн. Эгер бизде мурун деген болбосо сасык-жыпар жыттарды кантип ажыратаар элек?!

Бизге даамдын түрүн ажыратып бере турган тилибиз болбосо, ачуу менен таттуунун баркына жете алат белек?

Анан эй Аристофан көздөрдүн көрүү же абайлоо касиеттерин жаратуудагы Жаратуучунун чеберчилигин карабайсыңбы?! Эмне деген назиктик, эмне деген сезимталдык!
Көз кирпиктериңдин сенин каалоңо гана моюн сунушун байка: кааласаң - ачасың, кааласаң - жумасың. Уйку келгенде өзүнөн- өзү жумулуп калат. Алар (кирпиктер) көздөрүңдүн сакчысы. Зыяндардан сактайт. Каштын кызматын карабайсыңбы: ал сенин башыңдан, маңдайыңдан ылдый куюлган тер, суу сыяктуу нерселерге тосмо болуу кызматын аткарат. Кулак болсо (өмүрүңдүн акырын чейин) толуп калбай, сага миң түркүн добуштарды ажыратып берип, кызматыңды кылат. Эми айтчы Аристофан, ушул нерселер

өзүнөн-өзү жаратылганбы же бир акылдуу Жаратуучунун жаратканыбы?
А: Ооба. Чын. Касам ичип айтамын, эгер инсан бул иштерге акылын иштетип караса, аларды тирүү жаратылышты сүйгөн, акылдуу жаратуучу жаратканын билип алат.
Ошентип кудайга ишенген Сократ кудайсыз - атеист Аристофанды жаратуучунун бар экенине ишендирет. Бирок Аристофан дагы эле : «Мен адамдардан болгон чыгармачыл-жаратмандарды өз көзүм менен көрүп турамын. Ал эми Кудайды көрбөй жатам го?!» деп шексинүүсүн койбойт. Ошондо Сократ ага мындай дейт:
«Сен өзүңдүн ой-сезимиңди жараткан **акылың** менен дене-

мүчөлөрүңдү кыймыл-аракетке келишине себеп болгон **жаныңды** көрүп жатасыңбы? Албетте көрбөйсүң. Эми сен «менин ойлорумду **акыл** жаратпайт,кыймыл-аракеттеримде **жандын** кызматы жок» деп айта аласыңбы?»

## Платондун далилдери

Чыгыш элдеринде «Афлаатун» ал эми, Европада «Платон»деген ысым менен таанылган бул адам биздин эрага чейин 427-347-ж.ж туулган. Ал грек философторунун эн атактууларынан бири, Сократтын окуучусу жана Аристотельдин устазы. Афинадагы академияда сабак берген. Платон бирнече илимий-философиялык эмгектердин автору.

Бизге чейин анын «Республика» «Саясат» «Федон» «Шарияттар» «Тэ-э-тет» «Тимей» ж.б.китептери жетип келген. Ал «Тимей»деген эмгегинде Аллах Тааланын бар экенине төмөндөгүчө далил келтирген:

«…Ар бир болумуштун аны болтурган себеби бар экени эн жөнөкөй чындык. Бир нерсенин өзунөн-өзү жаралуусу акылга сыйбайт.

Демек, бул аалам-табияттын дагы бир болтуруучу себепкери бар экенин билиш зарыл болот. Анткени, аалам-табият дегенибиз көрүлгөн, сезилген жана материалдык бар нерсе. Ааламдагы нерселерди сезимдер сезип турган соң, демек ал кимдир-бирөө тарабынан болтурулган жана

жасалган нерселер. Демек аны болтурган Зат дагы бардык себепкерлердин эн мыктысы жана айып - кемчиликтерден Аруу-Таза!»

## Аристотельдин далилдери

Атактуу Александр Македонскийдин тарбиячысы Аристотельди чыгыш элдери Арасту деп таанышат. Арасту биздин эрага чейинки 384-322-жылдар аралыгында Грецияда жашаган жана Аллах тааланын жалгыз кудай экенин далилдеген философтордун бири.

Арасту «Категориялар» «Талкуу жөнүндө» «Аналитикалар» жана «Топика» деген эмгектеринин жыйнагынан турган «Орган» деп аталган китебинде мындай жазган:

«…Биз тегерегибизде ар кандай көрүнүштөгү, кыймыл-аракетте болгон нерселерди көрөбүз. Алардын аракетке келиши учун албетте кыймылдаткыч бир күч болушу зарыл. Эгер биз ошол кыймылдаткыч күчтүн
өзу дагы бир түрткү берүүчүгө муктаж болот десек, анда сөзүбүздүн аягы болбой калат. Ошондуктан биз эн биринчи аракетти берген куч ээси өзүнүн кыймыл-аракетинде башка күчкө муктаж болбойт деген тыянакка келүүгө
мажбур болобуз.

Бул ааламга кыймыл берип, аны аракетке келтирген Зат жеке-жалгыз!»

## Декарттын далилдери

Бул Француз аалымы жана ойчулу Жаратуучунун бар экенине төмөндөгүчө далилдерди келтирген:

«Мен — дейт ал — өзүм кемчилдиктүү инсан болушума карабай, сезимдерим менен эч бир кемчилдиксиз бир Заттын бар экенин сезүүдөмүн. Жана мен өзүмдөгү ошол сезимдерди менин жүрөгүмө бардык жеткилең (кемчилдиксиз) сыпаттарга ээ болгон Зат эгип койгонуна ишенүүгө мажбур болуудамын. Ал кемчилдиги жок Зат – Аллах!»

«…Мен өзүмдү өзүм жараткан эмесмин. Эгер өзүмдү-өзүм жаратканымда өзүмө белгилүү болгон бардык кемчилдиксиз

сыпаттар менен «жасанып» алмакмын. Ырас мен андай (кемчилиги жок инсан) эмес экенмин, демек мени башка бир кемчилдиги жок Зат жаратыптыр.»

Рене Декарт Аллах тааланы эч шексиз тааныганга чейин мээсин ар кандай ишенимдерден, болбогур ыпыр-сыпыр жөө -жомоктордон тазалаш учун бардык нерселерден: асман, жер, суу, аба, булут, дарак, тоо-таш.., дегеле, көзгө көрүнгөн нерсенин баарынан шектене баштаган. Анан акыры, кезек өзунө келгенде «мен бармынбы?» деген суроо туулган. Бул суроого ал «мен ойлонуп жатамын, демек - бармын. Мен башка нерселерден шектенишим мумкун бирок, өзүмдөн-өзүм шектене албаймын» деген жоопту

тапкан.Андан ары ал минтип ойлонгон:
«Менин бар экеним-анык. Анда мени ким бар кылган? Мен өзүмдү өзүм бар кылганым жок. Анкени, кемчилдиктуу кишимин. Демек,мени жана мен шектенген бүт аалам-барлыкты эч кемчилдиги жок, эн Биринчи Зат жараткан. Ал - Эзелки жана Туболук ! Ал бардык нерсеге Кудуреттуу! Ал – Аллах!»